Улгулуу журум-турум

Аңгемелери

Энгин Нигар

ҮЛГҮЛҮҮ ЖҮРҮМ-ТУРУМ АҢГЕМЕЛЕРИ

Энгин Нигар

Китептин түрк тилиндеги аталышы:
Güzel Davranış Hikayeleri

Китептин автору:
Энгин Нигар

Кыргыз тилине которгон:
Себетов Жаркынбай

Сүрөттөрүн тарткан:
Мехмет Дирек

Жаш окурмандарга арналган бул китепте үлгүлүү жүрүм-турумдар менен байланыштуу аңгемелер берилген.

МАЗМУНУ

ЭР ЖҮРӨК КОЁН 4
АКЫЛДУУ ЧАЯН МЕНЕН КАТААЛ ОСЬМИНОГ 11
КЫЯЛКЕЧ МЫШЫК 17
КӨГҮЧКӨНДҮН КЫЗЫГЫ..... 22
ЖАЛГЫЗ ЖЕЙРЕН..... 27
КОЁНДУН ИЙГИЛИГИ..... 31
БАЛАПАН ӨРДӨК..... 38
ЖОЛУ ЖОК КОҢУЗ 44
ЖИРАФ МЕНЕН ПИЛ 49
АРСТАНДЫН ОЮНУ..... 54
КУУ ТҮЛКҮ МЕНЕН АК КӨҢҮЛ КАРЫШКЫР 60
АДЕПСИЗ ИЛБИРС 66
АРСТАНДЫН ЖОЛДОШУ..... 71
ЖАМАН ОЙЛУУ ТООК..... 76
СЫНАКТАН ӨТПӨЙ КАЛГАН ТҮЛКҮ 82
ООР БАСЫРЫКТУУ АЮ..... 88

ЭР ЖҮРӨК КОЁН

Алыскы бир жерде токой бар экен. Анын башка токойлордон бир гана айырмасы – бүт токойду башкарган ачуулуу падышасы болгон экен. Ачуусу ушундай дейсиң, кечиргенди да билбеген, мүнөзү өтө катаал экен.

Ал дайыма токойду аралап, карамагындагы жан-жаныбарлардын үшүн алып турчу. Токойдо анын катаал мүнөзүн билбеген бир да жан жок болчу. Ошон үчүн аны эч ким жактырчу эмес.

Күндөрдүн биринде падыша арстан дагы токойго сейилдегени чыгат. Аны көргөн жаныбарлардын баары ар тарапка качып жөнөшөт. Баарынын андан коркуп жатканын көргөн арстандын моокуму канып, ичинен: «Мына! Мен кандай гана күчтүүмүн! Мени көргөндө тим эле баары титиреп, качааргa жер таппай калат», - деп өзүнчө маашырлана күбүрөнүп, андан бетер каадаланып басып кете берди.

Ошентип караңгы киргенче токойду шашпай бир айланып чыкты. Акыры чарчап үйүнө келе жатканда

байкабай алдынан өтө калган калган түлкүнү катуу урушуп, тилдеп салды.

Кыскасын айтканда, арстан токойдогу бардык жан-жаныбарларды коркутуп-үркүтүп, ансайын өзүнөн алыстатып алыптыр.

Токойдо анын мындай жүрүм-турумунун туура эмес экенин айтууга эч ким батына албайт экен.

Бирок, бир кичинекей коён бар экен. Ал арстанга токойдогулардын нааразычылыгын бир канча жолу айтууга аракет кылыптыр, бирок эч бир жаныбар аны ээрчибептир. Эч ким кошулбаса да, акыры бир күнү арстанга өзү жалгыз барып баарын ачык эле айтууга катуу даярдана баштаптыр.

Ошентип күндөн-күнгө токойдогу жашоонун кызыгы кете баштады. Бирок, акыры күткөн күн да келди. Балээнин баары мына ошол күнү болду.

Арстан адатынча токойду кыдырып жүргөн. Аны көргөн жаныбарлар коркуп, дагы качып жөнөштү. Жанагы

кичинекей коён гана качкан жок. Баарын сүйлөшүп, чечишүүгө убакыт келди деп ойлоп, атайылап арстанга көңүл бурбаган болуп, анын көзүнчө тамагын жеп коюп отура берди.

Коёндун мындай бейкапар мамилесин көргөн арстан өз көзүнө ишене алган жок! Бир саамга эмне кыларын билбей башы маң болуп туруп калды да, өзүнө келгенден кийин коёнго:

– Эй, коён! Бери келчи, - деп ачууланып күркүрөдү. Коён да өзүн жоготпой, терең дем алды да, бардык күчүн топтоп, акырын арстанга жакындап келип:

– Падышам, мени чакырдыңызбы? - деп айтып калды.

Арстан:

– Албетте, сени чакырдым. Айланада сенден башка бирөө барбы? - деди. Коён:

– Жок, падышам. Кулагым сизде, - дегенде, арстандын ачуусу келип:

– Айтчы, коён. Мени көргөндө эмнеге качпадың? Же сен менден коркпойсуңбу, ыя? – деп коёнду зекий баштады.

– Эмнеге кормок элем? Мен курсагымды тойгузуп жаткам. Сиздин келгениңизди деле байкаган жокмун. Айрыкча мен корко турган деле эч нерсе кылган жокмун го. Күнөөсү болгондор гана коркот, - деп жооп берди коён.

Анын айткандары арстанды ого бетер ачуулантты. Бирок коёндун бул кайратын кайдан алганын билгиси келди да, өзүн кармап:

– Анда айтчы, эмне үчүн башкалар мени көргөндө качып кетишет? Демек, алар күнөөлүү, - деди ал. Коён:

– Жок, падышам. Эч ким күнөөлүү эмес. Эгер күнөөлүү бирөөнү издеп жатсаңыз, мына дал өзүңүзгө караңыз. Падыша катары элиңизди коргоп, өзүңүздү сүйдүргөндүн ордуна, баарын тескерисинче кылып жатасыз. Урматтуу падышам! Айланаңызга көз салыңызчы. Досуңуз барбы? Ачууңуздан улам өзүңүздү жалгыздыкка түртүп жатасыз. Өзүнүн ачуусун башкара албаган ушунча чоң токойду кантип башкарат? - деп айтканда, аны уккан арстан катуу ойго чөмүлө кетти.

Бир саамга ойлонуп туруп, анын айткандарына макул болуп:

– Кичинекей коён ушундай кайраттуулугу менен мага туура жолду көрсөтөт деп эч ойлогон эмесмин. Мен өзүмдү күчтүүмүн деп ойлочумун. Бирок, чыныгы күч билекте эмес, жүрөктө экенин түшүнгөн эмес экенмин. Бейкүнөө элимди коркутууну эрдик деп ойлогом. Мындан ары элиме татыктуу падыша болом, - деп айтты да, шарт бурулуп кетип калды.

Болуп өткөн окуяны жашынган жеринен көрүп отурган башка жаныбарлар кол чаба баштады. Муну уккан арстан:

– Азаматсың коён. Баары сендей эр жүрөк болсо, дүйнөдө эч ким эзүүгө дуушар болмок эмес, - күбүрөнүп кете берди.

Ошентип кичинекей коён килейген арстанга туура жолду көрсөттү.

Башкалар сымал ал да коркуп качса же унчукпай жүрө берсе, токойдогу кызыксыз жашоо улана бермек эле.

Ошол күндөн баштап коён токойдогу жаныбарлардын сүймөнчүгүнө айланып, арстан дагы жакшы падыша болуп калган экен.



АКЫЛДУУ ЧАЯН МЕНЕН КАТААЛ ОСЬМИНОГ

Учу-кыйырына көз жеткис океандын түбүндө катаал бир осьминог жашаган экен. Ал көзүнө көрүнгөндүн, алдына чыккандын баарына эле кол сала берчү.

Өлүк кейиптенип абдан жашынып жатып алчу.

Аны байкабай, жанына келген майда жандыктарды дароо эле жутуп алчу. Кээде зеригип өзүнөн чоң жаныбарларга тийишип, карматпай качып кетчү.

Ошол эле океанда чаяндар да жашайт эле.

Алардын эч кимге зыяны тийбей, өз алдыларынча жашоо кечиришчү.

Бир күнү чаяндар өз ара ойноп жатышкан эле. Ызычууну катуу салышкан окшойт, үндөрү осьминогдун кулагына жетип калды. Аларды уккан осьминог жөн жатмак беле? Убакытты текке кетирбей, дароо үн чыккан тарап-

ты көздөй жылып жөнөдү. Барып караса бир топ чаян өз ара ойноп жаткан экен.

Ансыз деле катаалдыгы ашынып турган осьминог чаяндарды көргөндө дароо алардын ичине сүңгүп кирди. Чоң колдору менен мүмкүн болушунча чаян кармады. Айрымдары буйтап качып, араң кутулду.

Бир аз убакыт өттү. Коркунуч өтүп кетти деп ойлошуп чаяндар кайра чыга башташты. Чыкканы чыкты го, бирок досторунун абалын ойлошуп, эч кимисинин ойногусу келген жок. Эмне кыларын билбей туруп калышты. Терең жымжырттык өкүм сүрдү. Акыры бир чаян жымжыртыкты бузуп:

– Достор! Кээ бир досторубуз таш боор осьминогдун жеми болуп калышты. Чоң жоготууга учурадык. Эми ушинтип эле отура беребизби? Осьминог кайра келбей коймок беле? Ага каршы чогуу аракет кылышыбыз керек. Абдан этият болушубуз зарыл, - деди.

Дагы бир чаян:

– Анда эмне кылышыбыз керек? Килейген осьминогдон өзүбүздү кантип коргойбуз? - деп кобуранып калды.

Биринчи сүйлөгөн чаян:

– Мен баарыңардан улуумун. Менин тажрыйбам да көп. Эгер силер менин айтканымды кылсаңар, биз ал осьминогду жеңе алабыз. Досторубуздун да өчүн алабыз, -деди.

Башка чаяндар анын сунушуна макул болушту.

Эми ойноп жатканда дайыма күзөтчү коймой болушту. Күзөтчү жакындап келе жаткан коркунучту досторуна кабар берип турат.

Анан бир күнү осьминог кайра пайда болду. Күзөтчү чаян дароо досторуна кабар берди. Ошентип бул жолу осьминог ал жерден куру кол кайтууга туура келди.

Бир да чаян кармай албаган осьминогдун аябай ачуусу келе баштады. Атүгүл жанынан өтүп бараткан акулага да кол салып жиберди. Кол салганы салып алып, акуладан араң качып кутулду.

Осьминогдун бул кол салуулары кары чаянды абдан түйшөлттү. Андан кутулуунун бир жолун табыш керек эле. Осьминогдун акулага кол салганына да күбө болгон. Аны көрүп ансайын коркуусу күчөй баштады. Бирок андан кутулуунун сөзсүз бир жолу болушу керек эле.

Ошондо оюна сонун идея келди. Кечээ күнү осьминог кол салып качып кеткен акуладан жардам сурамакчы болду. Өз өмүрүн тобокелге салып, акулага барды. Капыстан алдынан

чыга калган чаянды көргөн акула аны жегиси келип кетти. Чаян:

– Акула тууган! Биринчи мага кулак салчы, байболгур. Айтканымды эп көрбөсөң, анан жей бер мени, - дей салды. Ал акулага болгон окуяны төкпөй-чачпай айтып берди.

Осьминогдун атын уккан акула чаянды жегенди унутуп калды. Анткени ал ага абдан ачууланып калган эле.

Экөө дароо план түзүштү. План боюнча чаяндар ойноп жатканда акула жакыныраак бир жерде жашынып турмак болду. Осьминог келгенде чаяндар акуланы көздөй чуркашат. Ошентип, осьминог акуланын колуна түшмөк.

Эртеси чаяндар катуу ызы-чуу салып ойной башташты. Алардын максаты осьминогду чакыруу болгон. Ызы-чууну кулагы чалды окшойт, алыстан осьминог көрүндү. Баса, акула да өз ордун ээлеп алган. Осьминогду көргөн чаяндар план боюнча акула тарапты көздөй качышты.

Осьминог акуланын чаяндарды карап турганын көрүп бир саамга өзүн жогото туруп калды. Анан шашкалактап качып жөнөдү. Бирок акула ага караганда шамдагай да, ылдам да болчу.

Көп өтпөй эле ал осьминогго жетип барды да, курч тиштери менен анын колун тиштеп алды. Осьминог колдо-

рун акуланын көздөрүнө орой калып, бар күчү менен анын тишинен колун сууруп алды да, жашынууга үлгүрүп калды.

Акула ары карап, берип карап канча издесе да аны таба албады.

Анткени осьминог коркконунан улам көрүнбөгөндөй болуп жашынып алган эле. Акула үмүтүн үзүп, акыры кетип калды. Ошентип, осьминог акуладан кутулду. Ал аман калды, бирок алган жарааты ага чоң сабак болду. Бирок, ага жөнсүз кол салбаганда, мындай капсалаңга туш келмек эмес.

Бул да болсо чаяндардын жеңиши болду. Карт чаяндын амалы катаал осьминогду эсине келтирди.

Ошентип чаяндар акылдуулук жана жакшы план менен ар кандай иште ийгиликке жетүүгө боло турганын билип калышкан экен. Ошол күндөн баштап осьминог да өзү менен өзү болуп, чаяндар коркпой жашап калышкан экен.

КЫЯЛКЕЧ МЫШЫК

Качандыр бир убактарда бир мышык жашаган экен. Ал ушунчалык кыялкеч болгон экен, бир дагы көз ирмеми кыялдануусуз өтпөйт эле.

Анын эң чоң кыялы ар дайым артынан кууп жүргөн чоң итти коркутуу болчу. Кыялдануунга берилип кетип, негизги жумушу болгон чычкан кармаганды да унутуп калыптыр.

Күндөрдүн биринде дагы кыялданып отурган. Аңгыча эле алдынан бир нече чычкан өтүп кетти. Бирок ал чычкандарды байкаган да жок. Муну көргөн ээси:

– Мен сенин жалкоолугуңдан тажадым! Эртеден кечке уйкусурап отурганың отурган. Алдыңдан чычкандар өтүп, чуркап жүрөт, бир да карап койбойсуң. Мен сага тамакты неге берип жатам? Дагы ушундай кылсаң, эшикке кууп чыгам, – деп мышыкты аябай тилдеди.

Кожоюндун бул сөзү мышыкты бир аз болсо да өзүнө келтирди. Бирок дагы деле кыялкечтигин эч койбоду. Көчөгө чыккан сайын жанагы ит кууй берип, чамасын кетирип жатты. Буга ачууланган мышыктын ансайын кыялдануусу күчөгөндөн күчөп жатты.

Мышыктын мындай кыялкечтиги кожоюндун ого бешбетер кыжырын келтире баштады.

Акыры чыдабады окшойт, бир күнү мышыкты үйдөн чыгарып салды. Эми кыялкечтигинин азабын тарта турган болду окшойт. Мындан ары иттен жашына турган үйү да жок болчу. Кайгыланып ары-бери басып жүрүп өзүнчө:

– Бул ит ар көргөн сайын мени кубалайт. Аны кыялдануу менен жеңе албайт окшойм. Анын айынан үйдөн да ажырадым. Андан кутулуунун жолун табышым керек, - деп ойлонду.

Мышык ошентип өзүнчө кобуранып атканда, ит аны көрө калып, дагы кууп жөнөдү. Мышык иттен качып баратып дагы андан кутулуунун амалын ойлоп жатты.

Ит аны кармайын деп жатканда мышык кожоюнунун үйүнүн бакчасына кирип кетти. Кожоюн мышык кайра келди деп ойлоп, аны дагы кубалаганы үйдөн чуркап

чыкты. Чыгып эле караса, мышыктын артынан килейген ит кууп келе жатыптыр. Мышыкка боору ооруп кетти окшойт:

– Мен аны кууп жиберсем да, ал менин мышыгым. Менин мышыгымды эч бир ит коркута албайт, - деди да, иттин сазайын берди.

Ит коркуп качып кетти. Мышык да демин басып өзүнө келип калды.

Мышык кожоюнга болгон окуяны төкпөй-чачпай айтып берди. Ээси:

– Ай, мышыгым! Мунун баарын мурунтан эле айтсаң боло! Мен сени ошол итке салып берет белем? Бирок мындан ары кыялданып эле отура бербей, ошол кыялыңды ишке ашырууга аракет кылып жүргүн, - деп кеңеш берди.

Анткени мышыктын кыялы ишке ашпай турган кыял болчу. Анткени бир дагы мышык чоң итти жалгыз өзү жеңе албайт эле. Андан көрө акылын колдонсо болмок, ээсине баш калкалаган сыяктуу.

Албетте, ошол күндөн кийин деле мышык кыялданып жүрүптүр. Бирок ишке ашпай турган кыялдарга берилип кетип жалкоо болгонун да таштаптыр.

КӨГҮЧКӨНДҮН КЫЗЫГЫ

Алыскы бир өлкөдө бадалдын арасында сүйкүмдүү бир көгүчкөн жашачу. Күндүз ар кайда учуп, кечинде уясына кайтчу. Анын жашоосу күндө ушинтип уланат эле.

Көгүчкөн өзүнүн мындай жашоосуна аябай ыраазы эле. Ыраазы болгону менен өзү жашаган жерден башка жерди билчү эмес. Муну ойлоп, кээде башка жерлерди көргүсү келет эле. Күн өткөн сайын бул ой анын мээсин жей баштап, ансайын кызыгуусу арта баштады.

Күндөрдүн биринде ал уясынан учуп чыгат. Көпкө учуп жүрүп, мурда көрбөгөн далай жерлерди көрөт.

Учуп баратып көзү жердеги бадалга түшүп калды да:

– Кандай гана кооз бадал, кандай сонун жер! Бул жер мага абдан жакты, ушул жерге коноюн да, уя салайын,- деди. Анан конуп, эки жагын каранды, эч ким жок. Ал:

– Эч ким деле жок экен, бул бадал ээн калган окшойт, анда уя салсам болот го,- деп, ишке киришти. Бирок ал чоң ката кетирип алганын байкаган жок. Анткени ал бадалдын ээси бар болчу.

Ал жерде куу жылан жашачу. Көгүчкөн келген кезде жылан жок болчу. Ошон үчүн ал бул бадалды ээсиз деп ойлогон.

Ошентип көгүчкөн тегеректен чогулткан чырпыктар менен бейтааныш жердеги бадалга уя салды. Уясын салып бүтүп, өзүнө-өзү маашырланып айланасын карады.

Анан ачка экенин сезип, тамак издеп жаңы уясынан учуп чыкты. Ал кетээр замат эле жылан акырын сой-моңдоп бадалга кирип келди.

Бири келгенде бири кетип жүрүп көгүчкөн менен жылан бир нече күн жолуккан жок. Бирок бул абал көпкө созулбады.

Көпкө созулушу да мүмкүн эмес болчу. Анткени экөө тең бир бадалда жашап жүрүшкөн. Анан алар жолукпай калса, бул өзүнчө эле керемет болмок.

Күндөрдүн биринде көгүчкөн жаңы уясында отурганда:

«Мен эмне үчүн эски уямда ушунча убакыт жашап жүрдүм экен, эмнеге буга чейин бул жакка эч келген эмес экенмин?» - деп ойлонот. Ал ошентип ойлонуп отурганда жылан да бадалга кайтып келип калды. Ал адегенде көгүчкөндү байкаган жок.

Акырындык менен бадалдагы уясына кирди. Эми уктап баратканда кандайдыр бир добуш укту. Дароо башын көтөрүп караса, бадалдын үстүндө чакырылбаган конок отурат. Алгач муну түшүнө алган жок. Анан:

– Бул көгүчкөн жанын ойлободу бекен? Кантип эле ал менин бадалыма келип калды,- ачууланып баштады.

Жылан ушунчалык куу болгондуктан, үн чыгарбай көгүчкөндү көздөй сойлоп жөнөдү. А көгүчкөн болсо жыландын өзүн көздөй келе жатканын эч байкабай, жаңы уясында ырдап отура берди. Бирок жыландын чыдамы кете баштады окшойт, бир маалда этиятсыз кыймылдап койду.

Бадалдын бутактары кыймылдап кетти. Анын бул шашмалыгы көгүчкөндүн аны байкап калышына себеп болду. Көгүчкөн жыланды көрө коюп, жүрөгү оозуна тыгыла калды да, дароо уясынан учуп чыкты.

Көпкө учуп жүрдү да, акыры чарчап бир дарактын бутагына конду. Анан эмне болгонун түшүнүүгө аракет кылды.

– Бул жылан кайдан келе калды? Мени жеп коё жаздады го. Эски уямда мындай коркунучту көрбөйт элем, - деди ал.

Анын бул сөздөрүн дараста отурган тыйын чычкан угуп калды да, ага:

– Эй, дос! Кокустан сенин сөздөрүңдү угуп калдым. Сен бул жерди билбейт окшойсуң. Мүмкүн болушунча тезирээк эски уяңа кайт. Анткени бул жерде дос, тууган деген жок. Кокустан эле сага бирөө кол салышы мүмкүн. Жада калса, мен да бул жерден кетүүнү ойлоп жүрөм, бирок чоочун жерлерде жашагандан корком, - деди.

Көгүчкөн анын айткандарын угуп, ойлоно баштады.

– Тыйын чычканды карачы! Бул жер кооптуу экенин билип туруп, чоочун жерлерге кетип калгандан коркот экен. А менчи! Болбогон бир кызыгуунун айынан чоочун жерге уя салып, жашаганга аракет кылдым. Ал аз келгенсип өмүрүмдөн да айрылып кала жаздадым, - деди да, эски үйүн көздөй учуп жөнөдү.

Ошентип ал кайра үйүнөн эч качан чыкпады.



ЖАЛГЫЗ ЖЕЙРЕН

Токойдо бир жейрен жашачу. Бирок ал абдан жалгыз болчу. Себеби, ал эч кимди жактырбай, достон дос тандап эле жүрчү экен.

Кээ бирин ач көз деп, кээ бирин куу деп, кээ бирин сулуу эмес деп жактырбай койчу. Акыры ошентип жүрүп жалгыз калды.

Бир күнү ал токойго сейилдегени чыкты.

Башка жейрендердин чогуу көңүл ачып, күлүп отурганын көрдү.

Аларды аябай кызганды. Кызганганы кызганды го, бирок дос тандаган мүнөзүн эч таштай албады. Ошон үчүн жөн гана аларды карап, ичи ачышып жатты.

Күндөр өтө берди. Кыйналып отуруп, акыры өзүнө дос тапты. Башында эч кандай көйгөй жок эле.



Бир күнү досу менен жолугуп, сейилдеп келмекчи болгон. Бирок досу жолугушчу жерге бир аз кечигип келди. Ошондон улам жейрен досуна катуу ачууланып, аны менен да жолукпай баштады.

Ошентип дагы жалгыз калды. Жалгыздыктан эч качан кутула албайт окшойм деп ойлой баштады.

Күндөр өтө берди. Жалгыздыктан абдан тажады.

“Тезирээк өзүмө дос табышым керек, бирок ал кемчиликсиз болушу керек” деп ойлоду.

Убакытты текке кетирбей дос издеп жолго түштү. Жанакы эле себептерден улам тапкан бардык досторунан кайра баш тарта берди.

Акыры тагдырына моюн сунуп, үйүнө кайтып келе жатып, карыган жейренге жолугуп калат. Карт жейрен андан эмнеге бактысыз экенин сурайт. Ал болгонду болгондой бүт айтып берди. Ошондо карт жейрен:

– Оо, менин акылсыз балам! Эч катасыз дос болчу беле? Ниети жаман болбосо эле болду. Айыбы жок дос издеген доссуз калат да, жалгыз жашаганга мажбур болот, - деди.

Жаш жейрен анын айткандарына макул болду. Андан кийин анын биринчи иши болбогон себептер менен таштап кеткен досторун таап, алардан кечирим суроо болду. Ошондон кийин жүйөлүү себеп болбой досторунун бирин да таштап кеткен жок. Ошентип жалгыз жашоодон да кутулган экен.

КОЁНДУН ИЙГИЛИГИ

Токойдо бир коён жашачу экен. Ал ак көңүл, аябай камкор эле. Жардамга муктаж болгондорго колунан келишинче жардамын аячу эмес.

Бир күнү токойго сейилдегени чыгып, «жардамга муктаж жаныбар болуп калышы мүмкүн» деп эки жагын каранып басып баратты. Бир маалда эле бутуна чоң тикен кирип кетти.

Ооруга чыдабай жерге жатып эки жакка оонай баштады.

Ар дайым башкаларга жардам берип келген коён эми өзү жардам күтүп калды. Тикенек ушунчалык тереңге кирген экен, аны өзүнүн сууруп чыгышы мүмкүн эмес.

Ошентип коён бир нече саат жардам күтүп жатты. Бирок, тилекке каршы жардамга эч ким келген жок. Эми үмүтүн үзүп, нааразычылыгы күчөй баштады эле, жанынан өтүп бараткан аюну көрө калды:

– Эй, аю тууган! Мага жардам берчи. Бутума чоң тикен кирип кетти, кыймылдай албай жатам, - деп кыйкырды. Коёндун үнүн уккан аю:

– Коён тууган! Мен азыр убактым жок. Анан эмне үчүн мен сага жардам бермек элем? - деди да, коёнду таштап басып кете берди.

Ошондон кийин коёндун үмүтү чындап үзүлдү.

Мындан ары эч нерсе кала албайт болчу. Ал түндү азап менен өткөрдү. Анан акыры күн чыкты. Күндүн биринчи жарыгында жем издеп бараткан карганы көрдү:

– Эй, карга тууган! Бутума тикен кирип кетти. Ошону чыгарганга жардам бере аласыңбы? - деп суранды.

Карга:

– Сен кечээ жакында эле уядан кулап түшкөн балапанымды куткарган коёнсуңбу? Албетте, сага жардам берем, - деди да, коёндун таманындагы тикенекти тумшугу менен сууруп алды.

Ошентип, коён кылган жакшылыгынын сыйлыгын көрдү.

Каргага ыраазычылык билдиргенден кийин араң басып үйүнө жетти.

Буту айыккыча үйүндө жатып эс алды. Күндөр өттү. Буту толук айыгып калды.

Бир күнү коён токойго сейилдегени чыкты. Дагы деле айланасындагыларга жакшылык кылууну ойлонуп баштаган. Ары-бери басып жүрүп, мылтыгын бир нерсеге мээлеп жаткан бир аңчыны көрүп калды. Кызыгып, акырын жакындап келди. Караса, аңчы атканы жаткан жаныбар жакында эле жардам ага бербей койгон аю экен.

Боорукер коён аюга жардам берсемби же бербесемби бир саамга ойлонуп токтоп калды. Бир аз ойлонуп отуруп, өзүнө жарашкан ишти кылууну чечти. Аңгыча эле турган жеринен чуркап чыга калды да, аңчынын көңүлүн өзүнө бура баштады.

Мындай абалдан пайдаланган аю аңчынын огунан качып кутулду. Аңчы коён менен алаксып жатканда, аю көздөн кайым болуп кетти. Коён да дароо бир жерге жашына калып, аңчыдан кутулуп кетти.

Күндөр дагы өтө берди. Бир күнү аю коёнду көрүп калды. Башын жерге салып, дароо жанына келип:

– Коён тууган! Мен сенин бетиңе карагандан уялам. Сага жардам керек болгондо мен жардам берген жокмун. Бирок ага карабай сен менин өмүрүмдү сактап калдың. Сен мага жамандыкка жакшылык менен жооп бериш керек экенин үйрөттүң. Мен сага ыраазымын. Мындан ары чогуу жакшылык кылалы, - деп кечирим дагы сурап, коёнго ыраазычылыгын да билдирди.

Аюнун бул сөзүнө коён абдан кубанды.

Эгер жардам бербеди деп, коён аюга жардам бербей койгондо, анда анын жамандардан эч айырмасы калмак эмес. Бирок, коён андай кылбады. Бир жагынан аюга жардам берди, бир жагынан аюнун да өзү сыяктуу жардамга чуркаган жаныбар болушуна түрткү болду.



БАЛАПАН ӨРДӨК

Алыскы бир жерде кооздугу көздүн жоосун алган бир көл бар экен. Ал көлдүн жээгинде бир өрдөк үй-бүлө жашачу. Ал үй-бүлө эне өрдөк, ата өрдөк жана балапан өрдөктөн турат эле.

Балапан өрдөк үй-бүлөгө жаңы эле кошулган. Ошондуктан апасы менен атасы аны абдан жакшы көрүшүп, коргоп турушат эле. Алар жашаган көл абдан кооз болгону менен, кээ бир жерлеринде коркунучтуу жаныбарлар да бар болчу. Муну ата-эне өрдөк жакшы билгендиктен, балапанды көлгө жалгыз чыгарышчу эмес. Ага да муну тез-тез эскертип турушчу.

Күндөрдүн биринде балапан өрдөк апасы менен атасына байкатпай, өзү жалгыз көлгө баргысы келет. Алар уктап жатканда, акырын басып чыгып кетти да, көлгө жетип барды.

Бир аз сууда сүзүп жүргөндөн кийин:

– Атам менен апам эмне үчүн көлдө сүзүүгө уруксат беришпейт? Мен өзүм сонун эле сүзөт экенмин го, - деп ойлонуп калды.

Бирок жакын эле жерде аны күтүп турган крокодилди эч байкабады. Дагы бир аз сүзгөндөн кийин жээкке кайткысы келди. Жээкти көздөй сүзүп бараткан-да артынан бир нерсе келе жатканын түшүндү.

Артына карай салса, аны крокодил ээрчип келе жаткан экен. Балапан өрдөк алгач бир саамга өзүн жоготуп койду. Эмне кыларын билбей эле туруп калды.

Анан өзүнө келе калып бат-бат сүзүп жээкти көздөй кача баштады.

Канчалык ылдам кыймылдаса да, крокодил аны оңой эле кармап алары бышык эле. Көп өтпөй эле крокодил кууп жетип келди. Килейген оозун ачып, аны жутуп жибермек болду эле, капысынан эле мылтык атылган үнү чыгып, крокодил сууга кирип кетти. Ошентип балапан өрдөк бир ажалдан кутулуп кетти.

Ата-эне өрдөк мылтыктын добушунан чочуп ойгонуп, үйдө балапандын жок экенин байкашты. Эмне болуп кетти экен деп коркушуп, аны издей башташты. Көлдүн жээгинде корккону нан сүйлөй албай турган балапанды көрүштү. Дароо жанына жетип барып, экөө эки жактан эмне болгонун сурай башташты. Балапан өрдөк коркуп, ата-энесине эч нерсе дей алган жок. Бир аз убакыт өтүп, өзүнө келгенден кийин гана эмне болгонун айтып берди.

Ата-эне өрдөк:

– Карачы, балам, биз сенин бир нерсе кылышыңды каалабасак, ал сенин жакшылыгың үчүн экенин билип жүргүн. Сен биздин айтканыбызды укпадың эле, аз жерден жаныңдан ажырап кала жаздадың го. Сага бир нерсе болсо би эмне кылмакпыз? Экинчи мындай кылбай жүргүн, - деп эскертишти.

Ата-энесинин айтканына макул болгон балапан өрдөк мындан ары алардын сөзүнөн чыкпоого убада берди.

ЖОЛУ ЖОК КОҢУЗ

Бир мезгилдери бир коңуз болгон экен.

Ал каалаган жагына учуп барып, адамдарга конот эле. Адамдар ал конгон сайын абдан сүйүнүшөт эле.

Күндөрдүн биринде ал өзү жашаган жерден алыска сейилдегени чыгат. Кичинекей канаттары менен болушунча алыстарга учуп барат. Акыры чарчаганын сезип, бир адамдын үстүнө конуп калат.

Анын конгонун байкаган киши абдан сүйүнүп:

– Эй, балдар! Карагылачы! Мага коңуз конду. Эми менин бактым ачылат.

Мен бир нерсеге жетүү үчүн көп эмгек кылбасам деле болот. Бул коңуз мага ийгилик, бакыт алып

келет, - деп жанындагыларга бакылдап айта баштады. А коңуз болсо анын айткандарын эч түшүнгөн жок.

– Бул эмне эле деп жатат? Кандай ийгилик? Кандай бакыт? Мен өзүм кичинекей коңуз болсом, буга кайдагы ийгилик менен бакытты алып келмек элем? Эч бешене тер төкпөй, эч эмгек кылбай ийгиликке кантип жетмек эле? – деп таңданып туруп калды.

Ошентип арадан убакыт өттү. Коңуз конгон жанагы кишинин иштери эч эле оңоло койбоду. Анткени ал иштерине мурункудай көңүл бурбай койду. Мага ийгилик конду, аракет кылбасам деле эле ишим оңунан чыгат деп ойлонуп жүрө берди.

Бирок баары ал ойлогондой болгон жок. Акыры колунда болгондун баарын жогото турган абалга да келип калды.

А ал учурда биздин коңуз эмне кылып жатты болду экен? Жанагы киши ийгиликтерге жетишип, бакытка ээ болду бекен же жокпу деген ойдон эч эле кутула албай жүргөн. Акыры чыдабай кайра ошол кишиге барып, анын абалын өз көзү менен көргүсү келди да, учуп жөнөдү.

Коңуздун келгенин көргөн жанагы киши ачуулана баштады.

– Эй, жолу жок коңуз! Дагы эмнеге келдиң? Карачы, сага ишене коюп бүт нерсемди жоготтум, - деп коңузду жемелеп кирди.

А чынында коңузда эмне күнөө? Бакыт эмгектен жараларын билбеген өзүн жемелеши керек эле.

Коңуз:

– Эй, адам баласы! Эмгек кылып иштөөнүн ордуна кичинекей бир коңуздан бакыт күтсөң мындан да жаман абалга түшөсүң. Алма быш, оозума түш деп жалкоолонуп отура бербей мээнет кылып, иштебейсиңби? - деп жооп берди.

Коңуздун айткандарын макул көрүп:

– Ой, бул коңузду карачы! Айткандарың туура. Ансыз деле бизди жалкоо кылган ушул туура эмес ишенимдер эмеспи, - деп, жемелегени үчүн коңуздан кечирим сурады.

Ошол күндөн тарта ал жалкоолукту таштады. Алланын жардамы менен анын иштери кыска мөөнөттө оңуна түшө баштады.

Муну көрүп коңуз да абдан ыраазы болду.

Анан дагы адамдарга конгондо билдирбегенге аракет кыла баштады. Анткени алар анын конгонун туура эмес түшүнүп алышат экен.



ЖИРАФ МЕНЕН ПИЛ

Токойдо жираф менен пил жашачу экен.

Ал экөө ушунчалык жакшы дос болгондуктан, аларды баары кызганчу.

Күндөрдүн биринде экөөнүн ортосунда талаш чыгып кетти.

Бир чайнам чөптүн айынан чыккан талаш күчөдү. Бири-бирине акаарат айтканга чейин барышты.

Экөө бири-бирине ушунчалык жаман сөздөрдү айтышкан экен, мындан ары алардын достугунун сакталышы мүмкүн эмес эле.



Ошентип экөөнүн бекем достугу да бузулду.

Арадан көп убакыт өтүптүр. Бирок жираф менен пил эч качан жолугушпаптыр. Ансыз деле бири-бирин караганга беттери да чыдабайт болчу.

Жираф бир күнү:

– Мен эмне кылдым? Эмнеге эң жакын досумду таарынтып, капаланттым? Кайдагы сөздөрдү айтып, анын көңүлүн ооруттум.

Болбогон нерсе үчүн досумдан айрылдым. Досум болбогондон кийин, бүтүндөй токой меники болсо деле эмне пайда? – деп өзүн-өзү жемеледи.

Баса, ал учурда пил да жираф сыяктуу өзүн-өзү жемелеп жаткан. Бирок алардын бири-бирине айткан сөздөрү абдан оор болчу. Ошон үчүн бири-биринен кечирим суроого эч эле батына алышпай жүрө беришти.

Күн өткөн сайын эски достор бири-бирин сагынышчу болду. Күндөрдүн биринде бул кусалык жирафтын жанын өтө эле катуу кейитти.

Жираф:

– Эмне болсо, ошол болсун! Мен пилден кечирим сурап, достугубузду кайра калыбына келтиришим керек, - деп ойлонуп пилди издеп жөнөдү.

Жүрөк жүрөктөгүнү сезет белем, ал учурда пил да кечирим суроо үчүн жирафты издеп жөнөгөн. Көп өтпөй эле экөө бетме-бет келип калышты. Уялышкандыктан бири-бирине жакын келе албай жер тиктеп кыйла туруп калышты. Жираф көпкө чыдай албай:

– Пил досум! Менин эски досум! Айткандарым үчүн кечирим сурайм. Кечир мени, -деп пилден кечирим сурады. Пил:

– Жираф досум! Мен да сенден кечирим сурайм. Сен да мени да кечир, - деп жирафтан кечирим сурады.

Ошентип эки эски дос акыры элдешти. Кайрадан мурункудай бекем дос болушуп, бактылуу жашап калышты.

АРСТАНДЫН ОЮНУ

Арстан токойдо аны чындап жакшы көрүп-көрбөгөндөрдү айырмалоо үчүн вазири жолборсту чакырды.

– Вазирим! Менин жаным такыр эле тынчыбай жатат. Элимдин арасында мени чындап жакшы көргөндөрдү жана жалгандан жакшы көргөндөрдү билгим келет. Ошон үчүн мени өлдү деген сөздү таратасың. А мен болсо токойду кыдырып, адамдар мен жөнүндө кандай ойдо экенин байкап көрөм, - деди.

Арстандын жанынан чыккандан кийин жолборс токойду кыдырып, падышанын өлгөнүн кабарлайт.

Бул кабарды уккан жаныбарлар кулактарына ишене алышкан жок. Эмне болуп кетти экен деп таң калышты.

Бул кабарды арстандын вазири айткан үчүн баары дароо ишеништи.

Ошентип, арстандын планынын биринчи этабы ишке ашты.

Эми арстан элдин арасында ээн-эркин басып жүрө алат эле. Убакытты текке кетирбей токойго чыгып, элди аралай баштады.

Жолдо баратып түлкүнүн «Охх, эми жыргайт экемин. Эми падыша жок. Ээн-эркин куулук кылсам болот. Анүчүн эч кимге жооп бербейм. Арстандын өлүмү кандай гана жакшы болду” дегенин кулагы чалды.

Андан ары басып, эки жакты жакшылап байкап жүрө берди. Бул жолу карышкыр менен чөөлөр:

«Арстан өлгөндөн бери абдан жыргалчылык болду. Корко турган эч ким жок. Жактырбаганыңды жакшы көргөндөй түр көрсөтүү кандай гана кыйын” дегенин укту.

Ошентип арстан элинин чыныгы жүзүн көрө баштады. Уккан сөздөрү жүрөгүн өйүп, кыйнаганына тоскоол боло албады. Анткени ал өзүн мындай мамилеге татыктуу эмес деп ойлойт эле.

Арстан ошол күнү эч бир жаныбардан жакшы сөз уга алган жок. Кийинки күндөрү да токойду аралап жүрө берди.

Бир күнү вазир жолборс аюга:

“Аю тууган! Ушул күндөрдө тилиңе сак бол. Падышабыз өлгөн жок. Калп эле аны өлдү деп жарыя кылып койдук. Ошон үчүн ал жөнүндө жаман сөз айта көрбө” деп айтып жатканын капыстан угуп калды.

Мына ошондо арстан өзүн жоготуп, дендароо болуп туруп калды. Анткени сырын башкаларга айтып жаткан – анын башкы жардамчысы жолборс эле. Арстан:

– Вазирим ушундай кылса, башкалар эмне гана кылбайт? Демек, бул токойдо мени таптакыр эле жакшы көрүшпөйт экен, - деп өзүнчө сүйлөнө баштады. Бул оюнду бүтүрүү үчүн сарайына кайтып келе жатып, бир бурчта турган кичинекей коёндун:

“Падышам, сенсиз бул токой ээнсиреп калды. Күчтүүлөр алсыздарды эзе баштады” деген үнүн укту. Коён менен кошо ыйлап, акырын ага жакындап келип:

– Менин ишенимдүү досум! Мен өлгөн жокмун. Коркпо, мен мындан ары сен үчүн жана сага окшогондор үчүн жашайм, - деди да, коёнду ээрчитип сарайга кайтып келди.

Эртеси биринчи эле кылган иши вазири жолборсту кууп чыгуу болду.

Жолборстун ордуна коёнду вазир кылып дайындады.

Жолуккандын баары дос эмес экенин, ар дайым убадага бекем туруп, аманатка кыянат кылбагандар чыныгы дос болоорун түшүндү.

Ошол күндөн кийин ким дос, ким душман экенин билип жашап калган экен.

КУУ ТҮЛКҮ МЕНЕН АК КӨҢҮЛ КАРЫШКЫР

Түлкү менен карышкыр аябай жакын дос экен. Дайыма чогуу жүрүп, чогуу аңчылык кылышат эле. Бул достук өзгөчө түлкүнүн пайдасына жарайт эле. Анткени ага караганда карышкыр аңчылыкка дагы да жөндөмдүү болчу. Түлкүгө караганда чоң-чоң олжо кармайт эле. А түлкү болсо майда жаныбарларды эле кармап жүрчү. Ошон үчүн түлкү бул достуктан аябай эле пайда көрчү.

Бирок, эмнеси болсо да экөөнүн ортосунда достук бар эле. Достукта жеке кызыкчылыкты көздөө, пайда

издөө болбошу керек эле. Алар да мына ушундай кылышчу.

Эң азынан карышкыр ушинтип ойлоду. Түлкү ушунчалык куу болгондуктан, карышкырга жеке кызыкчылыгын сездирбейт эле.

Анын үстүнө ал карышкырга мындай эмес экенин көп жолу далилдеди. Анткени карышкырдын ишенимине ээ болушу керек болчу. Бул ага келечек үчүн зарыл эле.

Бир күнү эки дос ууга чыгышты. Бирок алар аңчылык кылууга бир да жаныбар таба алышпады. Ачкачылыктан курсактары курулдай баштады. Ал ортодо түлкү бадалдардын арасында ойноп жүргөн коёнду көрүп калат. Өзүнчө:

– Карышкырдын ишенимине киришим керек. Мына мүмкүнчүлүк... Бул коёнду кармап, аны менен бөлүшүшүм керек. Анан анын жанында жүрүп айлап-айлап бекер тамактанам - деп ойлоду.

Анан оюн дагы улантты:

– Мен кичинекей коён кармайм, ал чоң жейрен кармайт. Мен кекилик кармайм, ал бугу кармайт. Ушундай алдуу-күчтүүлөрдүн достугуна доо кетиремек белем?

Анан жанагы коёнду кармап келип, карышкырга берди. Түлкүнүн бул кылганы карышкырды аябай толкундатты. Ал:

– Түлкү досум, сен кандай жакшы доссуң. Ачка элек, сен курсагыбызды тойгуздуң. Биз буга чейин деле жакшы дос элек. Эми мындан кийин достугубуз ого бетер бекемделди, - айтты.

Карышкырдын бул сөзүнөн кийин түлкү максатына жеткенин түшүндү. Эми ал карышкырдын жанында көп жыл бекер жашай алмак. Ошол күнгө чейин кылгандары да ушул максатына жетүү үчүн эле. Акыры көздөгөнүнө да жетти. Ошентип эки дос кур-

сактарын тойгузуп, үйлөрүнө кайтышты. Ошол күндөн тартып карышкыр түлкүнүн “боорукердигин” эч унутпады. Ал кармап келет, түлкү жыргап курсагын тойгузат. Ал алып келет, түлкү жейт. Кыскасы, түлкү мээнет кылбастан жашоосун өткөрүп жүрө берди.

Арадан айлар өттү. Түлкү карышкырдын жанында падышалардай жашады. Күндөрдүн биринде эки дос кайрадан аң уулап жүрүшкөн. Карышкыр чоң кийикти кубалай баштады. Түлкү карышкыр кийикти кармап, алып келерин күтүп турган. Бирок бул жолу өтө көп күтүүгө туура келди.

Анткени карышкыр чуркап баратып бутун сындырып алган эле. Аябай кыйналган карышкыр:

– Түлкү дос! Түлкү досум! Мага жардам бер, жардам бер! - деп кыйкыра баштады. Түлкү карышкыр алып келе турган олжосун күтүп турганда, анын кыйкырганын угуп чочуп кетти. Дароо карышкырды көздөй чуркап жөнөдү. Жетип эле караса, карышкыр бутун сындырып алып жерде жатат. Көз ирмемде анын кыялдары талкаланды. Ага карышкырдын мындан ары эч кандай пайдасы жок. Ага жардам берүү мындай турсун:

– Ээ, карышкыр, сен менен достугубуз бүгүнгө чейин эле экен. Мындан ары жолубуз эки башка. Алдыңа бир-эки коён ыргытып койсом эле, мени айлап-айлап бактың. Сен эми бул абалың менен мени бага албайсың. Менин сенде эч кызыкчылыгым калган жок, - деп айтты.

Ал карышкырды ошол жерге таштап, максатына жетүү үчүн башка дос издегени жолго түштү.

Түлкүнүн бул ачуу сөздөрү карышкырга катуу тийди:

– Ой, акылсыз башым. Эх, менин ак көңүлдүгүм. Куу түлкү менен да достошобу? Анын дайыма жеке кызыкчылыгынан башканы ойлогонун ким көрүптүр? Мен өзүмө-өзүм кылдым, ушуну көрмөкмүн, - деди да, чолоңдогон бойдон көздөн кайым болду.

Достору бир пайда көздөп жанында болсо, анын достугуна кылдат мамиле кылыш керек деп ойлоду. Чыныгы достор жана достук кыйын күндөрдө айкын болоорун түшүндү.

Ошол күндөн кийин ал досторун абдан абайлап тандап калыптыр...



АДЕПСИЗ ИЛБИРС

Токойлордун биринде аябай күчтүү бир илбирс жашачу. Кубалаганын кармайт, кармаганын да соо кой-бойт экен. Өз оокатын өзү таап жеп, эч кимдин көзүн карабай жашайт экен. Бирок бул илбирс бир аз адепсиз болчу. Кармаган олжосун көтөрүп алып, токойду бүт аралап, элдин баарына көрсөтүп чыкчу. Анан баарын каратып тамагын жечү. Ал күчтүү болгондуктан, анын тамагына эч ким кошула алчу эмес.

Бир күнү дагы бир чоң кийикти кууп калыптыр.

Бир аз куугандан кийин кийикти кармап алды. Күчтүү жаагы менен аны катуу тиштеп алып, адаттагыдай эле токойду аралай баштады. Жаныбарлардын “Илбирс дагы жыргайт экен да, бизге деле берип койсо болмок” деп бири-бири менен сүйлөшкөндөрү ага абдан жакты.

Ал бул сөздөрдөн абдан ырахат алды. Бирок алар менен олжосун бөлүшүүнү бир да ойлоп койгон жок. Анан аны жаныбарлардын көзүнчө жей баштады.

Анын мындай кылыгына чөө чыдай албады.

Кайратын чогултуп, илбирстин жанына барып:

– Илбирс тууган, бул кылганың уят эмеспи. Арабызда аңчылык кыла алган бар, кыла албаган бар. Курсагы ток бар, ач калганы бар. Элдин көзүнчө өзүңдүн эле курсагыңды тойгузганың адепсиздик эмеспи? – деп айтты.

Чөөнүн бул сөздөрү илбирстин ачуусун келтирип:

– Эй, чөө! Өз ордуңду бил! Силер олжо кармасаңар, мен аны силерден тартып алдымбы? Тамагымды өзүм каалаган жерде жейм, ага эч ким тоскоол боло албайт, - деп жооп берди. Анда чөө:

– Илбирс тууган! Бир күн келет, сен алсыздаган учур болуп калат. Сен да жегенге эч нерсе таппай калышың мүмкүн. Анан көзүңчө бирөө бир нерсе жеп атканда менин айткандарымды эстегин, - деди да, ары көздөй басып кетти.

Чөө кеткенден кийин деле илбирс тамагын элдин алдында жей берди. Бир жагынан:

– Чөөнүн мага акыл айтканын карачы! Мен да алсыз болот экенмин да, аңчылык кылганга жарабай калат экенмин, - деп мыскылдап күлүп жатты.

Ошентип арадан айлар өттү. Илбирс өзүнүн ошол адепсиздигин таштабай жүрө берди.

Күндөрдүн биринде ал дагы аң уулап жүргөн.

Чуркап баратып эле чарчай баштаганын сезип калды. Алдындагы олжосун колунан чыгарып жиберди. Эмне болгонун түшүнө албай:

– Мага эмне болуп жатат? Кантип эле колумдан чыгарып жибердим? Ушул кантип болсун? - деп өзүнө суроо бере баштады. Оорусунан улам чарчаганы күндөн-күнгө күчөй берди. Аңчылык кылганды мындай кой, такыр чуркай албай калды. Ачкачылыктан өзүн жогото турган абалга туш болгону калды.

Күндөрдүн биринде үйүндө ачкалыктан онтоп жаткан-да, жолдо бараткан жолборско көзү түштү. Жолборс өзү кармаган жейренди жыргап жеп жатыптыр. Аны көргөн илбирстин шилекейи агып кетти. Ошондо бир учурда чөөнүн айткандары эсине түштү. Мына ошондо ал башка жаныбарлардын кандай сезимде болгонун түшүндү. Бирок жолборс өзүнө окшоп адепсиз, орой жана таш боор эмес эле.

Ал илбирстин көз карашынан оюндагысын түшүндү.

Тамагынан ага да бөлүп берди. А илбирс болсо өзүнүн буга чейинки жаман жүрүм-турумунан, адепсиздигинен уялып, башын жерге салып калды.

Көп өтпөй илбирс айыгып кетти. Эми ал уулаган олжосун башкалар менен бөлүшүүнү үйрөндү. Бөлүшө албаган учурларда дайыма эч кимге көрүнбөй жей турган болду.

Айланабызда мүмкүнчүлүгү жоктор болуп калышы мүмкүн. Жегенибизди же бөлүшөлү, же эл алдында жебейли. Болбосо бул туура эмес жүрүм-турум жана адепсиздик болуп калат.

АРСТАНДЫН ЖОЛДОШУ

Күндөрдүн биринде токойлордун падышасы арстандын эшигин тыкылдайт. Арстан “Эмне болуп кетти экен?” деп эшикти ачса, жолборс туруптур. Бышылдаган жолборс:

– Падышам! Токойдо түшүнүксүз эле нерселер болуп жатат. Жаныбарлар тынч эмес. Сыртка чыгып, бир карап көрсөңүз, - деп арстанга токойдогу абалды билдирди. Арстан:

– Токточу, алгач деминди басчы. Сени мынчалык толкунданта тургандай эмне болуп кетти? Тынчтанып алып, шашпай айтчы, - деди жолборсту тынчтантып. Жолборс:

– Падышам! Эрте менен туруп курсагымды тойгузуу үчүн сыртка чыктым. Чыгып эле жан-жаныбар-

лардын ары-бери далбастап чуркап жүргөнүн көрдүм. Бирөөсүн токтотуп, эмне болуп жатканын сурадым.

Ал токойдун бир бурчунан кызыктай үндөр чыгып жатканын айтып, кетип калды, - дегенде арстан:

– Ой, тообо! Бул кандай кызыктай үндөр болду экен? Барып карап көрөлү, - деди да жолго чыкты.

Ал жолго чыкканы менен, кызыктай үндөрдүн кайдан чыгып жатканын билбейт эле.

Ал жерди издеп айласы жок ары-бери басып жүргөндө кайдан-жайдан карга келип калды.

Карга:

– Урматтуу падышам! Мен сен издеген жердин кайда экенин билем. Кааласаң ошол жакка алып барам, - деди. Арстан көп деле каалабай турганына карабай, карганын айтканына макул болду.

Арстан чындыгын билбеген сөзгө муюп жолго түштү.

Ошентип карга алдыда, арстан артта баратты.

Алар бир нече саат жол жүрүшсө да, кызыктай үндөр чыккан жерге эч эле жете алышкан жок. Анда арстан:

-Эй, карга! Чыдамым түгөнө баштады. Ал жерге дагы деле келе элекпизби, - деп сурады. Карга:

– Оо, падышам! Мен да таң калдым. Ал ушул жерде эле болчу. Дагы бир аз бара көрөлү, - деп барбаган,

карабаган жер калтырышпады. Акыры караңгы да кире баштады. Бирок арстан көздөгөн жерине эч эле жете албады.

Ал чарчап, даракка жөлөнүп:

– “Жолдошуң карга болсо, балээден кутулбайсың” деп бекер айтышпаптыр. Карганы ээрчий коём деп

жаңылып калдым окшойт, - деп кобуранып калды. Бул арада карга арстандан коркконунан улам көздөн кайым болду. Арстан карганын качып кеткенин байкабай:

– Эй, карга! Кеч болду. Мага ошол кызык үндөр кайдан чыгып жатканын көрсөт, биз үйгө тезирээк баралы, - деп калды. Бирок каргадан эч жооп болгон жок. Карганын качып кеткенин түшүнгөн арстан каргага ачууланбай, кемчиликти өзүнөн тапты.

– Үйдө отурсаң, көчөгө чыкпасаң, токойдо эмне болуп жатканын билбесең, карганы жолдош кылып алсаң ушундай болот. Алар мени менен оюн ойношту окшойт. Бирок жакшы болду. Бул мага сабак болсун, - деди да үйүнө жөнөп кетти.

Чынында токойдо мындай жер болгон эмес. Бул жөн гана жаныбарлардын оюну эле.

Ошол күндөн баштап арстан токойду жана жаныбарларды жакындан карап жүрдү. Чындыгын билбеген сөзгө ишенип алданып калуудан да сактанып калды.

ЖАМАН ОЙЛУУ ТООК

Бир тоокканада ондогон тоок ынтымакта жашачу. Бирок араларынан бир тоок буга анча ыраазы боло бербейт эле. Кээде:

– Бул тоокканада аябай эле көп болуп жатабыз. Курсагым да тойбойт, эч ким мага көңүл да бөлбөйт, мунун бир айласын табыш керек, - деп ойлонуп жүрчү.

Бир күнү анын оюна жаман бир пикир келди.

Бир аз кооптуу болсо да, жеке кызыкчылыгы үчүн зарыл деп ойлоду.

Анан түз эле түлкүгө жөнөдү.

Түлкү маңдайында тоокту көрүп абдан таң калды:

– Бул тоок же жинди, же жашоодон тажаган, - деп ойлоп – Эмне болду сага, тоок тууган? Жашооңдон тажап, мага жем болгону келдиңби? - деди.

Тоок:

– Түлкү тууган, мени азыр жесең, бир эле тоок жеген болосуң. Бирок сени менен келишсек, бир тооккана толо тоок жейсиң, - деди да, өзүнүн оюндагы жаман планын түлкүгө айтып берди.

Өзүнө кол тийгизбөө шарты менен түлкүгө тооккана кайда экенин айтты. План боюнча тоок барып тооккананын эшигин ачык калтырып коёт, түлкү да ичкериге кирет. Анан тоокторду четинен жеп баштайт. Жаман ойлуу тоок да тоокканада өзү жалгыз калып жыргамак. Жаман оюнда, ээси жалгыз калганы үчүн аны абдан жакшы көрүп, жемди аябай көп берет деп ойлоду.

Күндөр өттү. Түлкү тоокканага кире турган убагы да жакындап калды. Жаман ойлуу тоок түлкүнү чыдамсыздык менен күтүп жатты. Күтүп жатканда:

“Түлкү оюнан кайтпаса экен” деп ичинен күбүрөнүп, чыдамсызданып ары бери баса берди.

“Кайсы түлкү бир тооккана толо тоокту жебей коёт эле?” деп өзүн сооротуп да коёт.

Ошентип бир түнү түлкү тоокананын жанында пайда болуп калды. Аны көргөн тоок тоокананын эшигин акырын ачып сыртка чыгып кетти.

Тоокканага кирген түлкү курсагын жакшылап тойгузду. Жаман ойлуу тоок түлкүнүн досторун жеп жатканын сырттан карап турду. Акыры тоокканада бир да тоок калган жок. Жаман ойлуу тооктун жардамы менен түлкү

ойлоп көрбөгөндөй жыргалчылыкты көрдү. Ишин бүтүрүп шашпай сыртка чыгып:

– Рахмат сага тоок тууган. Эми мен көпкө чейин ачка калбайм. Келчи жаныма, кучактап сага ыраазычылыгымды билдирип коёюн, - деди.

Бирок түлкүнүн ниети башка болчу. Аны да жегиси келип жаткан. Эми аны тиштейин дегенде үйдүн ээси түлкүнү көрүп калды. Мылтыгын алып чыгып түлкүнү көздөй ок чыгара баштады. Түлкү куйругун түйгөн бойдон качып жөнөдү. Ошентип жаман ойлуу тоок түлкүгө жем болуудан кутулуп кетти.

Тооктордун ээси тоокананын бош турганын көрүп, түлкүнүн артынан кыйкырып, тилдеп жатты. Аны колунан качырганы үчүн өзүнө абдан ачууланды. Жок дегенде бирөөсүн сактап калдым деп өзүн сооротууга аракет кылды. Бирок мунун баары ошол тооктун айынан болгонун билген эмес эле.

Арадан көптөгөн күндөр өттү. Максатына жеткен жаман ойлуу тоок жыргап жашап жүрдү. Жалгыз тоок болгондуктан, ээси анын үстүнө үйрүлүп түшүп жатты. Ага көп жем берет, аны абдан жакшы көрөт. Тоок ансайын ырахаттанып жатты. Бирок ал өзүн кандай корку-

нуч күтүп турганын жакшы билчү. Анткени бир күнү аны да түлкүнүн жеп кетээри белгилүү эле. Муну ойлогон сайын жаман ойлуу тооктун уйкусу качып жатты.

Чындап эле бул оюнда жаңылган эмес экен. Анткени, бир түнү түлкү кайдан-жайдан пайда болуп калды. Аны көргөн тоок:

– Тынччылыкпы, түлкү тууган? Эмнеге келдиң? Бул жерде сен жей турган тоок калган жок, - деди. Түлкү:

– Сен турасың го. Же сен тоок эмессиңби? – деди. Тоок:

– Бирок биз келишим түзгөнбүз гө. Сен менин досторумду жеп, мага тийбей турган болгон эмес белең? - деди. Ал учурда үй ээси жалгыз тоогун коргоо үчүн күзөттө турган.

Түлкү менен тооктун сөзүнө кулак салгандан кийин:

– Мм... Көрсө ушундай экен да. Акмак тоок! Демек, досторуңдун түлкүгө жем болушуна сен себеп болгон экенсиң да. Андай болсо мен да сени түлкүгө жем кылайын. Досторуң көргөн азапты сен да көр, – деп түлкүнүн анын жешине тоскоол болбой койду.

Ошентип, жаман ойлуу тоок акыры өзү казган орго өзү түшүп калды. Куу түлкүгө ишенүүгө болбойт экенин билиши керек эле. Ал өзүмчүлдүк кылып, жеке кызыкчылыгы үчүн өзүнүн жаман оюнун курмандыгы болуп калды.



СЫНАКТАН ӨТПӨЙ КАЛГАН ТҮЛКҮ

Падыша арстан токойдогу эң ишенимдүү жаныбардын ким экенин билгиси келиптир. Ал үчүн сынак өткөрмөкчү болот.

Өзүнө ишенгенгендерди сынактан өткөрүп, жеңүүчүгө сыйлык бере турган болуптур.

Муну өз элине жарыя кылды. Бул кабарды уккан жаныбарлар арстандын сарайын көздөй чуркай баштады. Жолборс, карышкыр, чөө, түлкү, айтор баары ошол жерде болчу. Арстан мелдешке келген жаныбарларды шашпай бир сыйра карап чыкты. Түлкү анын көңүлүн өзгөчө бурду. Арстан:

– Макул, башкаларды түшүнөм, бирок мына түлкүгө эмне жок, эмнесине ишенет болду экен, - деп өзүнчө сүйлөнүп, биринчи түлкүнү чакырды:

– Кана айтчы, түлкү. Сен эмнеңе ишенесиң? Бул токойдо сенин куулук боюнча атагыңды билбеген жок, - деди. Түлкү:

– Падышам, мен дал ошол жаман атагымды өчүрүү үчүн келдим. Мага мүмкүнчүлүк берсең, мен муну далилдей алам, - деди. Арстан:

– Макул, түлкү тууган. Мен сага бул мүмкүнчүлүктү берем. Эгер жеңсең, мен сени токойдогу эң ишенимдүү жаныбар деп жарыялайм жана сага сыйлык берем, - деди. Артынан:

– Азыр бара бер. Күнүмдүк жашооңду уланта бер. Сен күтпөгөн бир убакта мен сени сынайм, - деп кошумчалады.

Ошондон кийин түлкү кызыгуу жана толкундануу менен күнүмдүк жашоосун улантып жүрдү. Бирок абдан кабатырланып да жатты.

Анткени күтпөгөн бир учурда белгисиз сынакка туш келип калышы мүмкүн эле. Ошон үчүн абдан этият болушу керек болчу.

Ошентип күндөр өтүп жатты. Жашоо кадимкидей эле уланып жатты. Эч кандай сынак да, арстан да жок. Түлкү чыдабай кетти:

– Эмне болсо ошол болсун. Мен тажадым. Куулук да кыла албай калдым, каалаганымдай жүрө да албай калдым, - деп сүйлөнө баштады.

Дагы бир топ убакыт өттү, дагы деле өзгөрүү жок. Түлкү этияттыкты да акырындап таштай баштады.

Өзүнчө:

– Арстан жөн эле тамашалап койсо керек да. Ал эч кандай сынак деле кылбайт окшойт. Ансыз деле менин токойдун эң ишенимдүүсү болуу ниетим жок, - деди да, куулук кылуунун айласын издей баштады.

Ал ортодо падыша түлкүнүн дал ушунусун эле күтүп турган. Анткени аны чыныгы мүнөзү менен сынагысы келген. Ал ушундай кылса туура болот деп ойлогон.

Акыры падыша күткөн убакыт келди. Жаралангандай түр көрсөтүп, түлкү өтө турган жолго жатып алды.

Анан үнүн бийик чыгарып онтоп баштады. Бир аздан кийин түлкү арстанды көрүп калды да, чуркап жанына келди. Ал арстандын жерде кыйналганынан тыбырчылап жатканын көрдү. Капаланарын же сүйүнөрүн билбей турду. Анан:

– Сага эмне болду, падышам? Эмнеге онтоп жатасың? – деп сурады. Арстан:

– Түлкү тууган, мен эми эле сени сынаганы келе жаткан элем, бутумду сындырып алдым. Эми мага жардам берчи, сарайыма алып барчы мени. Болбосо ушул жерде өлүп калат окшойм, - деди.

Түлкү:

– Канча күндөн бери мага эмнелерди гана көргөзбөдүң? Сынак тапшырам деп, этияттанып жашагандан өзүмдү да жоготтум. Сени ушул жерге эле таштап кетейин, эл дагы сенден кутулсун, - деп кетип калды. Ал бул кылыгы менен сынактан өтпөй калганын билген жок.

Арстандын ордунда чындап жардамга муктаж башка бирөө да болушу мүмкүн эле.

Ишенимдүү болуунун шарттарынын бири – жардам берүү.



Ошентип арадан убакыт өттү. Түлкү ырахаттанып басып жүргөн бир учурда алдынан арстан чыгып калды. Корккону нан өңү өзгөрүп, өзүн жоготуп койду. Бир аздан кийин гана өзүнө келе алды.

Титиреген үн менен:

– Бул кандайча?.. Падышам, сен өлгөн жоксуңбу? - деп арең сүйлөдү мукактанып. Падыша:

– Албетте, мен өлгөн жокмун. Мендей күчтүү падыша буту сынгандан өлмөк беле? Бул сынак болчу. Сендей куу түлкүгө ишенүүгө болбой турганын билбей калмак белем? Тилекке каршы, сен бул сынактан өтпөй калдың.

Эгер чындап эле жарадар болсом, сага ишене алмак эмесмин. Мага жардам бергениңде сынактан өтмөксүң. А мен сени өзүмө вазир кылып сыйлык берейин деп жаткам. Бүгүнкү күнгө чейин сага жабышкан жаман атагыңды да өчүрмөк элем, - деп басып кетти.

Түлкү болсо бул сонун мүмкүнчүлүктү колдон чыгарганына өкүнүп, ошол бойдон көздөн кайым болду.

ООР БАСЫРЫКТУУ АЮ

Токойдо бир үй-бүлө аю жашачу. Үй-бүлөдө ата аю, эне аю жана бала аю – мамалак бар эле.

Ата аю күндө ууга чыгып, үй-бүлөсүн аңчылык кылып бакчу. Эне аю үйдө мамалагын карачу. Ошентип алардын жашоосу бактылуу өтүп жатты.

Бир күнү атасы баласынын чоңоюп калганын байкайт. “Мамалагыбыз чоңоюп калды. Аңчылыкты үйрөнүү убагы келди. Аны эми ууга алып барышым керек” деп ойлоду. Ал бул оюн эне аю менен мамалакка да айтты. Ата аюнун оюна эне аю макул болду. Мамалак кубанып, секире баштады:

– Ураа! Ураа! Эми мен да ууга чыгам.

Бирок, эне аю абдан кабатырланып жатты. Мамалак кичинекей болгондуктан, ага бир нерсе болуп кетеби деп коркту.

Ошондуктан мамалакка такай көз салып турушун ата аюга кайра кайра эскертти. Атасы анын айтканына көп деле көңүл бурбай: “Көп кабатырлана бербечи” деп, эртеси эрте менен ууга чыгып кетишерин айтты.

Мамалакка таңдын атышы кыйын болду. Эрте менен атасы менен баласы жолго чыгышты. Бир аз жүргөндөн кийин чоң балыктары бар дарыянын жээгине келишти. Ата аю суудан биринчи көргөн балыкты оңой эле кармап алды. Мамалак болсо атасын дыккат карап турду. Анан:

– Аңчылык кылуу оңой эле турбайбы. Мындай менин да колумдан келет да, - деп ойлонду. Бирок дарыя терең жана ал үчүн кооптуу болчу. Ал ортодо атасы эне аюнун айткандарын унутуп, бир чоң балыктын артынан кууп жөнөдү. Баласынан кыйла эле алыстап кетти. Мамалак болсо балык кармоо үчүн эңкейип колдорун сууга салды. Бир учурда тең салмактуулугун жоготту.

Дароо жээкте турган дарактын бутагын кармай калды.

Ошентип дарыяга кулап түшүүдөн арең гана аман калды.

Анан кайра:

– Аңчылык мен ойлогондой оңой эмес окшойт, - ойлонуп калды. Эми атасына кыйкырайын дегенде башына мылтык такалганын байкап калды.

Ордунан кыймылдабай туруп калды. Эмне кыларын билбей коркуп кетти. Бир аздан кийин ата аю кууп кеткен балыкты көтөрүп келе жатып, коркунучтуу көрүнүштү көрүп калды.

Мергенчи мамалагын атып салганы жаткан эле. Ал бир саамга чочулап кетти, бирок акырын болушу керек экенин ойлоду.

Ошондо гана ал баласын сактап кала алат эле. Эмне кылсам деп бир аз ойлонуп туруп, акыры мергенчинин артынан акырын барууну чечти.

Ал мергенчиге өтө акырындык менен жакындай берди.

Билдирбей барып, колу менен ушунчалык катуу уруп калды эле, мергенчи эмне болгонун түшүнө албай жерге

кулап түштү. Ошентип баласын куткарып калды.

Эгерде ал чочуп, түз эле мергенчини көздөй чуркаганда, экөөнүн тең өмүрү коркунучка туш болмок.

Бирок ал оор басырыктуулугу менен баласын аман сактап калды.

Мергенчи өзүнө келе электе атасы менен баласы ал жерден алыстап кетишти.